**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«26»-сентябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз XVI сессия**

**ТОКТОМ №2 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарындагы имаратты жана мүлктөрдү өткөрүп берүү жана жер тилкесин имараты менен муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгы жана Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы жаңы имаратка көчүрүлгөндүгүнө байланыштуу жана Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 08.09.2025-жылдагы чыг.№01-19/5524 сандуу катынын негизинде, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарынын Ж.Бакиев көчөсүнүнүн №38 дарегинде жайгашкан мурунку мэриянын имаратынын сол тарабындагы 2 кабаттуу имарат жана мүлктөр Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын Жалал-Абад региондук башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын Жалал-Абад региондук башкармалыгынын Жалал-Абад шаардык мамлекеттик архивдин Ж.Бакиев көчөсүндөгү №22 дарегинде жайгашкан 580,0 чарчы метр жер тилкесин имараты менен Жалал-Абад шаарынын муниципалдык менчигине кабыл алууга макулдук берилсин.
3. Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгынын башчысына (С.Эргешов), Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов), жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын Жалал-Абад региондук башкармалыгынын башчысына (М.Женбеков) мүлктөрдү өткөрүп берүүдө жана өткөрүп алууда мыйзам талаптарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**